ТАРЫХ / ИСТОРИЯ

УДК: 37.014.5: 001.891(100)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-114-121

**Алыкулова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
alykulova1973@mail.ru
**Суйунбаева Д.С.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Suiunbaeva73@mail. ru

# БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ МАСЕЛЕСИНИН ТАРЫХНААМАЛЫК ОБЗОРУ

**Аннотация.** Бул макала Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтык маселелерине арналган илимий көз караштардын тарыхнаамалык (историографиялык) обзоруна арналат. Анда чет элдик (Ф.Г. Кумбс) жана орус окумуштууларынын (А.П. Лиферов, А.Д. Урсул, А.В. Фролов) изилдөөлөрүнүн негизги багыттары, ошондой эле кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн интеграциялык процесстерди жана эл аралык билим берүү кызматташтыгын изилдөөгө кошкон салымы талданат.

Айрыкча Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын россиялык билим берүү мекемелери менен өз ара кызматташуусу, студенттер менен окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү, тажрыйба алмашуу жана биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу сыяктуу маселелерге өзгөчө көңүл бурулат.

Жүргүзүлгөн талдоонун натыйжасында эл аралык кызматташтык билим берүүнү модернизациялоонун жана анын сапатын жогорулатуунун маанилүү стратегиялык механизми катары бааланары аныкталды.

Историографиялык анализ 2011-жылга чейинки мезгил боюнча бул багытта бир топ илимий эмгектердин бар экенин көрсөттү. Бирок 2011–2025-жылдар аралыгында Кыргызстандын билим берүү системасындагы эл аралык кызматташтыктын калыптанышы жана өнүгүүсүнө арналган комплекстүү тарыхый изилдөөлөр азырынча жүргүзүлгөн эмес.

Жыйынтыктап айтканда, бул изилдөө эл аралык кызматташтыкты терең изилдөөнүн актуалдуулугун баса белгилеп, кыргыз билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоонун жана улуттук билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыздоонун практикалык маанисин көрсөтөт.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Россия, эл аралык кызматташтык, билим берүү, интеграция, глобалдашуу, историография, илим, билим берүү программалары.

**Алыкулова Г.К.**
кандидат педагогических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

alykulova1973@mail.ru
**Суюнбаева Д.С.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Suiunbaeva73@mail.ru

## ИСТОРИОГРАФИЧЕСКИЙ ОБЗОР ПРОБЛЕМЫ МЕЖДУНАРОДНОГО СОТРУДНИЧЕСТВА В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация.** Данная статья посвящена историографическому обзору научных взглядов на проблемы международного сотрудничества в сфере образования Кыргызской Республики. В ней рассматриваются основные направления исследований зарубежных (Ф. Г. Кумбс) и российских учёных (А. П. Лиферов, А. Д. Урсул, А. В. Фролов), а также вклад кыргызстанских исследователей в изучение интеграционных процессов и международного образовательного сотрудничества.

Особое внимание уделено вопросам взаимодействия высших учебных заведений Кыргызстана с российскими образовательными учреждениями, академической мобильности студентов и преподавателей, обмену опытом и реализации совместных образовательных программ.

Проведённый анализ показал, что международное сотрудничество рассматривается как важный стратегический механизм модернизации образования и повышения его качества.

Историографический анализ выявил наличие значительного количества научных трудов, посвящённых данной проблематике до 2011 года. Однако в период с 2011 по 2025 годы комплексные исторические исследования, посвящённые становлению и развитию международного сотрудничества в системе образования Кыргызстана, пока не проводились.

В заключение отмечается, что данное исследование подчёркивает актуальность глубокого изучения международного сотрудничества, а также показывает его практическое значение для интеграции кыргызской системы образования в мировое образовательное пространство и обеспечения устойчивого развития национального образования.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Россия, международное сотрудничество, образование, интеграция, глобализация, историография, наука, образовательные программы.

**G.K. Alykulova**
Candidate of Pedagogical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
alykulova1973@mail.ru
**D.S. Suiunbaeva**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Suiunbaeva73@mail.ru

# HISTORIOGRAPHICAL REVIEW OF THE PROBLEM OF INTERNATIONAL COOPERATION IN THE FIELD OF EDUCATION

**Abstract.** This article presents a historiographical review of scholarly perspectives on the issues of international cooperation in the field of education in the Kyrgyz Republic. It examines the main directions of research conducted by foreign (F. G. Coombs) and Russian scholars (A. P. Liferov, A. D. Ursul, A. V. Frolov), as well as the contribution of Kyrgyz researchers to the study of integration processes and international educational cooperation.

Particular attention is given to the interaction between higher education institutions of Kyrgyzstan and Russian educational organizations, academic mobility of students and faculty, exchange of experience, and implementation of joint educational programs.

The analysis demonstrates that international cooperation is regarded as an important strategic mechanism for the modernization of education and the improvement of its quality.

The historiographical review revealed a significant number of scientific works devoted to this topic up to 2011. However, in the period from 2011 to 2025, comprehensive historical studies on the formation and development of international cooperation within the education system of Kyrgyzstan have not yet been conducted.

In conclusion, the study emphasizes the relevance of in-depth research on international cooperation and highlights its practical importance for integrating the Kyrgyz education system into the global educational space and ensuring the sustainable development of national education.

**Keywords:** Kyrgyzstan, Russia, international cooperation, education, integration, globalization, historiography, science, educational programs.

Кыргызстандын билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтык маселеси азыркы илимий изилдөөлөрдүн эң актуалдуу багыттарынын бири болуп саналат. Глобалдашуу жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги интеграциялык процесстер күч алган шартта бул маселе өзгөчө мааниге ээ болууда. Анткени эл аралык өз ара аракеттенүүнүн деңгээли билим берүүнүн сапатына, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө жана улуттук билим берүү системасынын инновациялык потенциалына түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан бул тема билим берүүнүн глобалдык өзгөрүүлөр шартындагы өнүгүү маселелерин изилдеген көптөгөн ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн жана практиктердин көңүлүн буруп келет. Учурда бул багыт боюнча билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтыктын маңызы, формалары жана механизмдери тууралуу ар түрдүү ыкмаларды чагылдырган илимий эмгектердин олуттуу топтому жаралган.

Белгилүү америкалык изилдөөчү Ф.Г. Кумбс өзүнүн негизги эмгеги — *«Кризис образования в современном мире: системный анализ»* [10] аттуу китебинде мамлекеттер аралык кызматташтыктын билим берүү системаларын өнүктүрүүдөгү негизги фактор катары өзгөчө мааниге ээ экенин белгилейт. Окумуштуунун айтымында, эл аралык өз ара аракеттенүү бул билим берүү системасын токтоп калуудан сактайт, анткени, мазмунду жаңыртууга, инновацияларды киргизүүгө жана сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Кумбстун пикиринде, билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсү жана заман талабына жооп бериши өлкөлөрдүн тажрыйба, билим жана билим берүү технологиялары боюнча активдүү алмашуусу аркылуу гана мүмкүн болот.

Билим берүүнүн интеграциясы жана интернационалдашуусу маселеси азыркы орус илимий чөйрөсүндө да активдүү изилденүүдө. Россиялык окумуштуу А.П. Лиферов өзүнүн

териялык жана эмпирикалык материалдарга негизделген эмгектеринде акыркы он жылдыктарда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин өнүгүшүндө интеграциялык процесстер чечүүчү роль ойной турганын белгилейт [11]. Ал баса белгилегендей, эл аралык билим берүү долбоорлоруна, академиялык мобилдүүлүк программаларына жана илимий алмашууларга катышпастан, эч бир улуттук билим берүү системасы глобалдык талаптарга толук кандуу ылайыкташууга жөндөмдүү боло албайт. Изилдөөчүнүн пикири боюнча, интернационалдашуу жана интеграция дүйнөлүк билим берүүнүн өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары гана эмес, анын мыйзам ченемдүү этаптары болуп саналат. Алар билим берүүнүн туруктуу өнүгү үсүн, маданияттардын өз ара байышын жана бирдиктүү билим берүү мейкиндигинин калыптанышын камсыз кылат.

Глобалдык билим берүүнүн теориялык-методологиялык негиздерин өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкондордун бири россиялык окумуштуу А.Д. Урсул болуп саналат. Анын эмгектери азыркы билим берүү илиминде өзгөчө орунду ээлейт. Изилдөөчү өзүнүн бир катар эмгектеринде — *«Становление глобального образования», «Спасительная миссия образования для устойчивого развития», «От модернизации к футуризации образования: инновационно-опережающие процессы в интересах устойчивого развития»* ж.б. изилдөөлөрүндө [15] — билим берүүнү адамзаттын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги фактору катары карайт. Урсулдун пикири боюнча, цивилизациянын туруктуу өнүгүүсүнө билим берүү аркылуу гана жетишүүгө болот. XXI кылымда билим берүү глобалдык мүнөзгө ээ болуп, дүйнөлүк маданияттын системалоочу элементи катары калыптанууда.

Окумуштуу белгилегендей, азыркы билим берүү тез өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шарттарына жөн гана ылайык болбостон, алардан алдыга озуп, жаш муундарда гуманизм, экологиялык жоопкерчилик жана туруктуу өнүгүү идеяларына негизделген дүйнө таанымды калыптандырууга тийиш. Урсул глобалдык билим берүүнү жаңы типтеги стратегия катары карайт. Ал адамзаттын туруктуу келечек моделине өтүшүн камсыз кылуу үчүн инновациялык илимий, философиялык жана баалуулук багытындагы жаңы ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылат.

Бул контекстте окумуштуу эл аралык кызматташтык менен билим берүү системаларынын интеграциясына өзгөчө орун берет. Анын ою боюнча, дал ушул кызматташтык менен интеграция глобалдык билим берүү мейкиндигин калыптандыруунун негизги куралы болуп, билимди, маданиятты жана технологияларды бириктирет.

Мындай билим берүү мейкиндигин калыптандыруу жолундагы көйгөйлөр менен карама-каршылыктарды А.В. Фролов өзүнүн *«Глобализация высшего образования»* аттуу макаласында [16] кеңири талдап чыгат. Автор глобалдашуу процесстеринин жогорку билим берүүнүн трансформациясына тийгизген таасирин изилдеп, бул көрүнүштү эки жактуу мүнөзгө ээ деп мүнөздөйт: бир жагынан, глобалдашуу академиялык мобилдүүлүккө, эл аралык алмашууга жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү, кызматтарынын коммерциялашуусуна байланышкан карама-каршылыктарды жаратат.

Фролов билим берүү процессин уюштуруунун жаңы формаларынын пайда болушун, анын ичинде глобалдык изилдөөчү университеттердин түзүлүшүн карайт. Бул университеттер инновациялык жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн борборлору болуп, жогорку билим берүү өнүгүүсүнүн багытын глобалдык өзгөрүүлөр шартында аныктоочу негизги күчкө айланууда.

Билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтык маселелерине арналган эмгектердин ичинен өзгөчө көңүл бурууга татыктуу болгон жыйнак — бул

«Университеттердин өнүгүшүндөгү эл аралык кызматташтыктын ролу: тажрыйба алмашуу жана келечектер» аттуу илимий макалалар топтому [12]. Бул жыйнакта Кыргызстан менен Германиянын окумуштууларынын биргелешкен изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары жарыяланган, бул өз кезегинде эл аралык академиялык кызматташтык идеяларынын практикалык ишке ашырылып жаткандыгын тастыктайт.

А.А. Орозумбековдун «Университеттердин илимий-билим берүү тармагы», А.У. Чымыровдун «Университеттердин эл аралык кызматташтыгы: эң маанилүү шарттар», Э. Байбагышовдун «Нарын мамлекеттик университетинин жана Нарын аймагынын өнүгүүсүндөгү эл аралык кызматташтыктын ролу» жана башка авторлордун макалаларында Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык байланыштарын түзүү жана өнүктүрүүнүн негизги аспектилери каралып, бул тармактагы көйгөйлөр жана келечектеги өнүгүү багыттары талдоого алынган. Жыйнактагы илимий материалдарда билим берүү өнөктөштүгүн түзүүдө системалуу ыкманын маанилүүлүгүнө, академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүүгө, биргелешкен изилдөө долбоорлорун ишке ашырууга жана инновациялык билим берүү программаларын киргизүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын эки тараптуу кызматташтыгын изилдөөдө Г.К. Алыкулованын салымы чоң [4]. Анын эмгектеринде постсоветтик мезгилде (1991–2011-жж.) эки өлкөнүн билим берүү мекемелеринин өз ара аракеттенүүсүнө системалуу талдоо жүргүзүлүп, айрыкча академиялык мобилдүүлүк билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун, кадрдык потенциалды өнүктүрүүнүн жана жогорку окуу жайлардын эл аралык абройун чыңдоонун маанилүү куралы катары каралат.

Г.К. Алыкулова студенттер менен окутуучулардын алмашуу программаларын, биргелешкен долбоорлорду, стажировкаларды, конференцияларды жана изилдөө демилгелерин изилдеп, алардын Кыргызстан менен Россиянын билим берүү системаларынын интеграцияланышындагы, тажрыйба жана инновациялар менен алмашуудагы ролун белгилейт. Ал академиялык мобилдүүлүк эл аралык кызматташтыктын негизги элементи болуп, өнөктөштүк, ишеним жана ачыктык принциптерине негизделген жаңы билим берүү маданиятын калыптандырат деген жыйынтыкка келет [2].

Мындан тышкары, изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык программаларга катышуусу улуттук билим берүү системасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, анын дүйнөлүк академиялык мейкиндиктеги ордун кеңейтет жана билим берүүнү модернизациялоонун, ошондой эле туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун маанилүү фактору болуп саналат [3] деп белгилейт.

Кыргызстан менен Россиянын билим берүү кызматташтыгы маселеси А. Абдыкалыковдун [1] эмгегинде да каралган. Ал эл аралык билим берүү байланыштарын өнүктүрүү адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууда жана улуттук билим берүү системасын модернизациялоодо чечүүчү роль ойнойт деп белгилейт. Автордун айтымында, Кыргызстандын эл аралык билим берүү демилгелерине активдүү катышуусу өлкөдөгү жогорку окуу жайлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, алардын илимий потенциалын жогорулатат.

Кыргызстан менен Россиянын жекече университеттеринин эки тараптуу кызматташтыгын изилдеген эмгектер да өзгөчө кызыгуу жаратат. Мисалы, Кыргыз-Россия Славян университетинин (КРСУ) 30 жылдык маарекесине арналган юбилейлик жыйнакта [14] атайын бир бөлүм университеттин Россиянын алдыңкы жогорку окуу жайлары менен көп жылдык кызматташтыгын талдоого багытталган. Анда биргелешкен билим берүү

программаларын өнүктүрүүгө, академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүүгө жана илимий изилдөөлөрдү биргелешип жүргүзүүгө багытталган ишмердүүлүктүн түрлөрү жана жыйынтыктары каралат.

Өзгөчө көңүл бурууга татыктуу болгон эмгектердин бири — А.Ш. Кадыров менен Б.Т. Саманчинин «И. Раззаков атындагы КТУнун билим берүүдөгү интеграциясы жана Кыргызстандын ЕАЭБге киргенден кийинки өнүгүү келечектери» аттуу макаласы [7]. Авторлор Кыргыз техникалык университетинин интеграциялык процесстерге катышуусунун өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүшөт, Кыргызстандын Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө болушунун жогорку билим берүүгө тийгизген таасирин талдашат жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жогорку окуу жайлары менен кызматташтыктын келечектүү багыттарын белгилешет.

Жүргүзүлгөн илимий адабияттардын историографиялык талдоосу көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтык маселеси бир катар ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдө белгилүү деңгээлде чагылдырылган. Бирок жарыяланган эмгектердин ар түрдүүлүгүнө карабастан, 2011–2025-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын эл аралык билим берүү кызматташтыгынын калыптанышы менен өнүгүүсүн ар тараптуу, комплекстүү түрдө изилдеген иш азыркыга чейин жүргүзүлгөн эмес. Глобалдашуу шартында Кыргызстандын билим берүү системасынын дүйнөлүк, өзгөчө россиялык билим берүү мейкиндиги менен өз ара аракеттенүүсүн жалпылап көрсөткөн фундаменталдуу тарыхый-аналитикалык эмгек да азырынча жок.

Мындай изилдөөнү жүргүзүү зарылдыгы дүйнөлүк билим берүү чөйрөсүндө болуп жаткан тездик менен өзгөрүүлөр, ошондой эле эл аралык сапат стандарттарына багытталган улуттук билим берүү системасын модернизациялоо милдеттери менен шартталат.

Белгиленген маселени чечүү азыркы билим берүүнүн өнүгүү этабындагы өзөктүү милдеттердин бири болуп саналат, анткени ал улуттук билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграцияланышы менен тыгыз байланышкан. Бул маселени изилдөөнүн зарылдыгы эл аралык кызматташтык боюнча топтолгон тажрыйбаны терең талдоого алуу жана Кыргызстандын билим берүү системасын глобалдашуу шартында натыйжалуу өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгуу муктаждыгы менен аныкталат.

Бул багыттагы изилдөөнүн булактык базасын Кыргызстандын билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке интеграцияланышын комплекстүү түрдө кароого мүмкүндүк берген кеңири материалдар чөйрөсү түзөт. Анын негизги булак топторуна төмөнкүлөр кирет:

1. **Мыйзамдык жана укуктук-ченемдик документтер** — Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Билим берүү жөнүндө» Мыйзам, улуттук программалар, Өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтомдору менен жарлыктары. Бул документтер билим берүү саясатынын жана эл аралык кызматташтыктын стратегиялык багыттарын аныктайт.

2. **Архивдик жана ведомстволук материалдар** — алдыңкы жогорку окуу жайларынын жана Билим берүү министрлигинин отчеттору, маалымкаттары, аналитикалык обзорлору. Алар эл аралык билим берүү программаларын ишке ашыруунун практикалык тажрыйбасын чагылдырат.

3. **Мезгилдүү басылмалар, интернет-булактар жана Улуттук статистика комитетинин статистикалык жыйнактары** — академиялык мобилдүүлүктүн көлөмүн жана эл аралык келишимдердин динамикасын чагылдырган маалыматтарды берет.

Өзүнчө топту билим берүү тармагындагы Кыргызстандын эл аралык байланышын жөнгө салуучу документтер түзөт. Алардын катарында **Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы түбөлүк достук, союздаштык жана өнөктөштүк жөнүндөгү декларация** (Москва, 2000-ж. 27-июль) жана **Экономикалык жана гуманитардык тармактардагы интеграцияны тереңдетүү жөнүндө келишим** (Москва, 1996-ж. 29-март) бар.

Айрыкча мааниге ээ болгон документтердин бири — **Кыргыз-Россия Славян университетин (КРСУ) түзүү боюнча 1992-жылдагы келишимдер топтому,** анын ичинде **М.В. Ломоносов атындагы МГУ менен кыргыз университеттеринин ортосунда 1999 жана 2000-жылдары түзүлгөн келишимдер.** Бул документтер туруктуу межвуздук кызматташтыктын укуктук негизин түзүп берген.

Билим берүүнүн өнүгүүсү жана эл аралык өз ара аракеттенүү приоритеттери Кыргыз Республикасынын Конституциясында [9] жана «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында [6] бекитилген. Бул документтер жарандарга сапаттуу билим алууга укук берүү менен катар, өлкөнүн билим берүү системасын дүйнөлүк мейкиндикке интеграциялоо жана ачыктыкты камсыз кылуучу укуктук негизди камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында мамлекеттик саясаттын негизги принциптери белгиленген. Анда, билим берүү процессин жүзөгө ашыруунун максаттары жана механизмдери көрсөтүлгөн, ошондой эле жарандардын сапаттуу жана жеткиликтүү билим алуу укугу кепилденген. Мыйзам бардык деңгээлдеги билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салат жана эл аралык кызматташтыктын негиздерин белгилейт, бул Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграцияланышы үчүн маанилүү.

2000-жылдардын башынан тартып билим берүүнү өнүктүрүү боюнча узак мөөнөттүү стратегияны түзүүгө багытталган системалуу иш жүргүзүлгөн. Алгачкы негизги документтердин бири — **Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин билим берүү боюнча мамлекеттик доктринасы** (2000-ж.), ал билим берүүнүн теңчилик, жеткиликтүүлүк, гумандуулук жана демократиялык принциптерин бекиткен. Бул өлкөнүн эл аралык стандарттарга жооп берүү ниетин чагылдырган.

Андан кийин **«Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы»** (2012-ж.) [14, б. 2–9] кабыл алынган. Бул документте билим берүү системасын модернизациялоонун стратегиялык багыттары жана приоритеттери, эл аралык милдеттенмелер жана туруктуу өнүгүүнүн глобалдык максаттары эске алынып белгиленген. Анда билим берүү алдын ала кадам таштаган мүнөзгө ээ болушу керектиги, кадрларды даярдоо жана адам капиталын калыптандыруу аркылуу реформаларды жүргүзүү үчүн шарт түзүшү маанилүү экени баса белгиленген.

Эл аралык демилгелер болгон «Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттары» жана «Билим баардыгы үчүн» программаларын ишке ашыруу максатында **«2012–2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы»** кабыл алынган [14]. Бул стратегия билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, анын натыйжалуулугун арттырууга жана дүйнөлүк тенденцияларга шайкеш келтирүүгө багытталган.

Бул стратегиялык документтер азыркы билим берүү саясатынын негиздерин түзүп, система өнүгүүсүнүн приоритеттерин жана механизмдерин аныктаган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында эл аралык кызматташтык үчүн укуктук жана институттук базаны калыптандырууну камсыз кылган.

Историографиялык анализ көрсөткөндөй, акыркы он жылдыкта Кыргызстандын билим берүү системасы улуттук жана дүйнөлүк билим берүү баалуулуктарын интеграциялоо багытында өнүгүп, демократиялык принциптер менен маданий салттарды жана улуттук өзгөчөлүктү сактоону айкалыштырган.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдыкалыков, А. Развитие международного сотрудничества важно для качества подготовки кадров // *Кут билим*. – 2015. – 1 мая. – С. 5.
2. Алыкулова, Г. К. Академическая мобильность – одно из направлений международной интеграции образования // *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.* – 2018. – № 8. – С. 125–128.
3. Алыкулова, Г. К. *Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы.* – Бишкек, 2021. – 145 б.
4. Алыкулова, Г. К. Кыргызстан – Россия: сотрудничество в сфере образования // *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.* – 2018. – № 7. – С. 192–195.
5. Алымкулов, К. А. Учурдагы Кыргызстан менен Россиянын билим мейкиндигиндеги өз ара алакалары // *Вестник КГУ им. И. Арабаева.* – 2025. – № 1/2. – С. 148–153.
6. *Закон Кыргызской Республики «Об образовании».* – Бишкек, 2002. – 42 с.
7. Кадыров, А. Ш.; Саманчин, Б. Т. Интеграция образования КТУ им. И. Раззакова и перспективы её развития после вступления Кыргызстана в ЕАЭС // *Евразийский экономический союз и социогуманитарное сотрудничество: материалы междунар.* науч.-практ. конф. – Бишкек, 2016. – С. 246–250.
8. *Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года // Нормативные акты Кыргызской Республики.* – 2012. – № 29. – Июль. – С. 2–9.
9. *Конституция Кыргызской Республики.* – Бишкек, 2010. – 68 с.
10. Кумбс, Ф. Г. *Кризис образования в современном мире: системный анализ* / Пер. с англ. – М.: Прогресс, 1970. – 210 с.
11. Лиферов, А. П. *Интеграция мирового образования – реальность третьего тысячелетия.* – М., 1997. – 110 с.
12. *Роль международного сотрудничества в развитии университетов: обмен опытом и перспективы.* – Бишкек, 2011. – 180 с.
13. *Связи как приоритетный проект // Славянский больше чем университет.* – Бишкек: КРСУ, 2023. – 95 с.
14. *Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2012–2020 годы // Нормативные акты Кыргызской Республики.* – 2012. – № 29. – Июль. – С. 10–31.
15. Урсул, А.Д. Становление глобального образования // *Алма матер. Вестник высшей школы.* – 2010. – № 4. – С. 38–44.
16. Фролов, А. В. Глобализация высшего образования: противоречия и новации // *Алма матер. Вестник высшей школы.* – 2011. – № 8. – С. 61–66.


**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Айдаркул Каана**